карым-катнаштын изилдөөнүн объектисине алынып жатканы актуалдуу маселелерден болуп эсептелери белгиленген.

**Адабияттар тизмеси:**

1. **Саманчин, Т.** Кылыч жазуучу акын [Текст] / Т.Саманчин. – Фрунзе, 1948. – 74 б.
2. **Койлубаев, К.** Жазгыч акындардын чыгармачылыгы (Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо) [Текст]: окуу куралы / К.Койлубаев. – Каракол, 2010.- 29 б.
3. **Ибраимов, О.** История Кыргызской литературы XX века [Текст] / О. Ибраимов. –Бишкек, 2014. -19 б.
4. **Обозканов, А.** Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкреттүү табияты [Текст] / А.Обозканов. - Б.: Шам, 2006. - 264 б.
5. Залкар акындар сериясы, 1-том [Текст] / Түзгөн: Б. Кебекова, А. Акматалиев, С. Мусаев, Р. Сарыпбеков. –Бишкек, 2015.

DOI: https://doi.org/10.54834/.vi2.404

Поступила в редакцию: 02.02.2024 г.

**УДК 81-11(575.2) (04)**

***Джунушалиева Г.Дж.***
*в.н.с. института им. Ч. Айматова НАН Кыргызской Республики*

## САН АТООЧТОРДУН ЖАСАЛЫШЫНДАГЫ НЕГИЗГИ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

*Изилдөөнүн предмети катары кыргыз тилиндеги сан атоочтордун жасалышына тиешелүү негизги өзгөчөлүктөр каралат, анткени сан атоочтор байыртадан калыптанган өзүнчө сөз жасоо тартиби бар сөз түркүмү. Изилдөөнүн максаты сан атооч сөздөрдүн аналитикалык жол аркылуу жасалышындагы компоненттеринин орун тартибинин туруктуулугун мааниси өзгөчө экендиги жана синтетикалык жол өтө өнүмсүз колдонулгандыгын белгилеп көрсөтүү. Изилдөөнүн методдору катары сан атооч сөздөрдүн жасалышында негизги өзөк сан атооч сөздөрдө, алардын бири-бири менен айкашышын атайын изилдөөгө ылайыктуу материалдарды пайдалануу менен белгилүү жыйынтыктарды чыгаруу. Изилдөөнүн жыйынтыктарында сан атооч сөздөр ички мүмкүнчүлүгү аркылуу гана байып, толукталып тургандыгын, башкача айтканда, сан атооч сөздөрдүн жасалышы сан атоочтун айланасынан чыкпагандыгын белгилөө. Изилдөөнүн илимий баалуулугу, сан компонентинин структурасындагы сөздөрдүн жасалышы башка сөз түркүмдөрүнүн сөз жасоо тартибинен айырмаланып, ички мүмкүнчүлүгү аркылуу гана байып, толукталып тургандыгы менен баалуу болуп саналат. Изилдөөнүн практикалык мааниси тил багытында изилдөөгө кызыккан кесипкөй адистерге, мектеп окуучулары менен жогорку окуу жайлардын студенттерине, магистранттарга, аспиранттарга сандык маанидеги материалдарды өздөштүрүүдө кызмат кылат. Изилдөөнүн келечектеги сунуштары катары сан компоненттеринин объективдүү дүйнөдө, адамзаттын ойтутумунда, кубулуштарда, иш процесстерде санак формасында кабыл алынып, эсеп-кысап, отчет, балл, хронология, убакыт, мерчем, ченем, өлчөм, салмак, доор жана башка колдонулушу өзгөчө мааниси бар экендигин ар тараптуу изилдөөлөр жүргүзүлүшү максаттуу көрүнүш.*

***Негизги сөздөр:*** *сан атооч; сөз жасоо; аналитикалык жол; синтетикалык жол; өзгөчөлүктөр; моделдер; орун тартип.*

## ОСНОВНЫЕ ОСОБЕННОСТИ В ОБРАЗОВАНИИ ЧИСЛИТЕЛЬНЫХ

*В качестве предмета исследования рассмотрены основные особенности, связанные с образованием числительных в кыргызском языке, числительные – это группа слов с отдельным порядком словообразования, сложившимся с древних времен. Цель исследования - указать на то, что значение стабильности порядка компонентов при образовании числительных аналитическим методом имеет особое значение, и, что синтетический метод используется весьма*

*непродуктивно. Основным ядром в словоизменении числительных как методах исследования является получение определенных результатов в числительных, используя материалы, подходящие для специального изучения их расхождения между собой. Установление в результатах исследования, что числовые слова обогащаются и дополняются только через внутреннюю возможность, то есть, что словообразование числительных не вытекает из окружности числительного. Научная ценность исследования заключается в том, что образование слов в структуре числовой составляющей ценно тем, что другие подтипы слов, в отличие от порядка словообразования, обогащаются и дополняются только внутренней возможностью. Практическая значимость исследования заключается в том, что оно служит профессиональным специалистам, заинтересованным в изучении языковых направлений, школьникам и студентам высших учебных заведений, магистрантам, аспирантам при освоении материалов количественного значения. В качестве дальнейших рекомендаций исследования принимаются компоненты числа в форме счета в предметном мире, в человеческом мышлении, явлениях, рабочих процессах, расчете, отчете, счете, хронологии, времени, мере, весе, эпохе и другие, целесообразно провести комплексные исследования, использование которых имеет особое значение.*

***Ключевые слова:*** *числительные; словообразование; аналитический путь; синтетический путь; особенностей; модели; порядок места.*

## THE MAIN FEATURES OF THE FORMATION OF NUMERALS

*As the subject of the study, the main features related to the creation of numerals in the Kyrgyz language are considered. Because numerals are a word group with a separate word formation order formed since ancient times. The purpose of the study is to point out that the stability of the order of the components of nouns in the analytical process is of particular importance and that the synthetic method is used very productively. As methods of research, the main core of nouns in the formation of nouns is to draw certain conclusions using materials suitable for special study of their intersection with each other. In the results of the study, it is noted that nouns are enriched and supplemented only through their inner potential, that is, the formation of nouns does not come out of the circle of nouns. The scientific value of the research, the formation of words in the structure of the number component is valuable because they are enriched and supplemented only through the internal possibilities of other word groups, unlike the order of word formation. The practical significance of the research serves professionals interested in language research, schoolchildren and students of higher education institutions, master's students, graduate students in mastering materials of quantitative importance. As future recommendations of research, numerical components are accepted in the form of calculations in the objective world, human thought, phenomena, work processes, accounting, reporting, honey, chronology, time, time, measure, measure, weight, era, etc. It is a purposeful phenomenon to carry out comprehensive research that the use has a special meaning.*

***Key words****: noun; word formation; analytical path; synthetic path; functions; models; place order.*

Сан атоочтун сөз жасоо элементтеринин кызматы белгилүү тартиптерге негизделген. Аналитикалык жол – сүйлөмдөгү сөздөрдүн бири-бирине болгон катышы мүчөлөрдүн жардамы менен эмес, сөздөрдүн сүйлөм ичиндеги орун тартиби аркылуу байланышы. Сан атоочтун синтетикалык жол менен жасалышы белгилүү кошумчалар менен гана байланыштуу. Анткени сан атооч кошумчага өтө кедей сөз түркүмү. Анын сөз жасоо кошумчаларынын колдонулушу тилде сан атоочтун өздүк мыйзамдары менен калыптанган. Мисалы: сан атоочтун мүчөлөрү башка сөз түркүмүнө жалганбайт, тек гана сан атооч сөздөргө жалганып, сан атоочтун түрдүү топторун жасайт. Сан атоочко уланган мүчө жаңы сан атоочторду жасай албайт, тек сан атоочторду түрлөндүрүп, анын маанисин толуктайт. Мисалы: *Калмактар буерде **он жетинчи** кылымда болгон. Тиги болсо **он экинчи** кылымда көр башына коюлган эстелик* [1]. *Бу **жыйырманчы** кылымда деле кыш илгеркисинен жазбай каардуу келатат негедир* [1]. ***Кырк алтынчы** жылдын күзүндө төмөнкү айылдык бир чабан чоң сайда коюн айдап жүрдү* [1]. Мындагы *он жетинчи, он экинчи, жыйырманчы, кырк алтынчы* деген сан атоочтордун курамындагы -*инчи*, -*ынчы* мүчөлөрү иреттик сан атоочторду жасоочу семантикалык топтун мүчөсү. Мында ушу сөздөргө негиз болуп турган атоолордон башка

угум, атоо жасалган жок. Негиз сөздүн сандык аталышына иреттик маани кошулгандыгын көрөбүз. Бул сыяктуу сан атооч кошумчалары көп эмес, аларга иреттик, жамдама сан атоочтордун мүчөлөрү жатат. Сан атоочтун түрдүү семантикалык топторун жасоо үчүн, башка сөз түркүмдөрүнүн мүчөлөрү да пайдаланылат. Бул кубулуш да тил мыйзамдарынан негизги орун албагандыгы менен, бирок тилде бар жагдай болуп саналат. Сан атоочтун семантикалык топторунун жасалуусунда бул бир аз орун алат. Мисалы: *Жап-жаш **жыйырмалардагы** жигит, өзү ичке көрүнгөнү менен, колдору тарамыштуу, сом темирдей салмактуу эле* [1]. Мында *жыйырма**лар**дагы* деген чамалама сан атоочко көптүк мүчө жалгануу аркылуу адамдын жашын чамалап көрсөттү. Сан атоочтун чамалама семантикалык тобунун жасалуусуна зат атоочтун көптүк мүчөсү жалганды.

Ошону менен бирге сан атоочтун синтетикалык жол аркылуу жасалышы тилдин жалпы мыйзамдары менен шайкеш келет. Айтсак, сан атооч жасоочу мүчөлөр сөздө алган орду тек сан атоочко гана тиешелүү эреже эмес, ал – жалпы кошумчаларга орток мыйзам. Бул сыяктуу тилдин жалпы мыйзамдарынан сан атооч сырткары кала албайт.

Сөз жасоо элементтери жөн гана кошумчалар эмес экени жогоруда айтылган. Сан атоочтун сөз жасоо туткасы кошумчаларда эмес, сандык атоолордо. Сандык атоолорго тилибиз өтө бай. Кандай болсо да сандык түшүнүктү далма-дал билдирүүгө тил байлыгыбыз, сандык атоолорубуз жеткиликтүү. Ушул байлык негизинен бир сандык атоо менен экинчи сандык атоонун бир-бирине улануусу аркылуу жасалат, тактап айтсак аналитикалык жол аркылуу жасалат. Башкача айтканда, сан атоочтордо сөз жасоочу негизги элементтер – сан атоочтордун өзү, анткени сан атоочто сандык атоолорду пайда кылуу, жасоо жөн гана бир сандык атоо менен экинчи сандык атоонун айкашы аркылуу жасалат. Демек, сан атоочто жаңы сандык угум негизинен татаал сан атоочтор аркылуу берилет. Ошондуктан сан атооч сөздөрдү жасоонун негизги өзөгү сан атооч сөздөрдө, алардын бири-бири менен айкашында деп санайбыз.

Сандык атоолордун негизги жасалуу жолу аналитикалык ыкма менен байланыштуу болгондуктан, бул ыкма аркылуу сан атоочтордун жасалышынын өзүнүн жолу, байланышуу ирети, модельдери бар. Сандык атоолордун бири-бири менен байланыштыруучу морфемалар, жалгандыруучу кошумчалар тилде жок, сан атоочтун жасалышы таза аналитикалык ыкмага жатат. Ошондуктан сан атоочтук сөз жасоонун аналитикалык түрүндө сөз жасоого катышкан компоненттердин орун тартибинин маңызы өтө зор. Мисалы: *он эки, жыйырма төрт, элүү беш, алтымыш алты, жетимиш тогуз, сексен жети, токсон* бир ж.б. Ушу сандык угумдарды билдирүү үчүн компоненттердин ушу орду сакталуусу керек. Алардын ордун өзгөртүүгө болбойт. Мисалы жогорудагы сандардын компоненттеринин ордун өзгөртүп *эки он, төрт жыйырма, беш элүү, алты алтымыш, тогуз жетимиш, жети сексен, бир токсон* түрүндө алсак, жогорудагы маани сакталган жок, таптакыр башка маани пайда болду. Мындан сан атоочтун аналитикалык жол аркылуу жасалышындагы компоненттеринин орун тартиби өтө туруктуу болушу жана анын өзгөчө мааниси бар экендигин белгилемекчибиз.

**Сан компонентинин структурасы.** Сан атоочтор компоненттик түзүлүшү жагынан жөнөкөй сан атоочтор жана татаал сан атоочтор деп эки топко бөлүнөт. Жөнөкөй сан атоочтор бир гана компоненттен (сөздөн) турат, татаал сан атоочтор эки же андан артык сандардын тутумунан турат.

Жөнөкөй сан атоочтор бир сөздөн турат*: бир, эки, үч, төрт, беш, алты, жети, сегиз, тогуз, он, жыйырма, отуз, кырк, элүү, алтымыш, жетимиш, сексен, токсон, жүз, миң, миллион, миллиард*. Бул сандардын компоненти аз санды билдирсе да, көп санды билдирсе да бир гана сөз менен айтылат.

Татаал сандын атооч компоненттик түзүлүшү боюнча айтсак, ал кез келген сандардын бири-бири менен байланышы аркылуу жасала бербейт. Мында калыптанган белгилүү мыйзамдуулук бар. Ал мыйзамдуулук – кыргыз тилинде сандык атоолордун кайсынысынын кандай байланыша тургандыгы калыптанган. Аны татаал сандардын байланышуу моделдеринен көрүүгө болот, ал сөз жасоо моделдерге өтө бай. Айталы, *ондук* менен *бирдик* аралаш сандардын жасалышы менен *жүздүктөрдүн* моделдерин салыштырып карап көрсөк. *Ондук* жана *бирдик* сандардын тутумунда он жана бирдик компоненттен турган *ондук+бирдик* түрүндөгү модель аркылуу жасалат да, маани компоненттердин маанисинин кошундусунан турат: *он бир, жыйырма эки, отуз төрт, кырк алты, алтымыш беш* ж.б. Ал эми жүздүк атоолор *бирдик* Х *жүздүк* модели менен жасалат маани компоненттердин маанисинин көбөйтүндүсүнөн турат. Мисалы: *эки жүз, беш жүз, алты жүз, сегиз жүз, тогуз жүз* жана башка ар түрдүү сандык атоолордун түрдүү-түрдүү накталай моделдери бар. Ал моделдердин ар кайсынысынын белгилүү курамы бар, ага катышкан компоненттер – жөн гана сан атооч сөздөр. Ар модель бир топ сандардын атоолорун жасайт, баарынан мурда накта сандык атоолор жасалат.

Сан атоочтун сөз жасоо моделдери татаал сандык атоолордун жасалышын көрсөтөт, ал сан атоочтун семантикалык топтору да аналитикалык жол менен жасалат, бирок мында компоненттердин тек кана сан атооч болуу милдети эмес, анткени ага башка сөз түркүмү же башка көмөкчү сөздөр катыша берет. Мисалы: *Байгеге иргелип* ***элүү чакты*** *күлүк чыкты* [1]. *Алдыда жорго жете алгыс күү менен* ***он чакты*** *күлүк баратты* [1]. *Загонду* ***эки-үч*** *ирет айланып чыктык. Жүрөгүм ордуна келип, кыймылым ишенимдүү боло баштады* [1]. *Мөмө түшүм алдаганча жыйналып калган, балдар калың чөптүн арасынан, бутагында кууруган жалбырактардын далдасынан* ***беш-алты*** *алма таап, баары тең ынтымак менен бөлүп жеп, өзөк жалгашты* [2]. Бул мисалдарда сан атоочтун чамалама түрүнө кирген эки түрдүү мисалдар бар. Анын биринчиси *эки-үч* жана *беш-алты* сандарынын биргелешүүсү аркылуу жасалган, компоненттеринин экөө тең сан атоочтор, ал эми экинчиси эсептик санга *чакты* деген сөз кошулуп жасалды. Мындан да сан атоочтун семантикалык тобунун жасалышына башка сөз түркүмүнүн катышы көрүнүп турат.

Сан атоочтун курамындагы кездешкен байыркы мүчөлөрдүн жагдайы башкачараак. Алар: *-ыз, -из* (*сегиз, тогуз*), *-ты, -ти* (*алты, жети*). Бул морфемалардын этимологиясы белгисиз. Кошумча сөздө көп кездешкен элемент, бирок ал башка сандарда кайталанбайт. Ал сан эсим сөздөрдүн курамында кездешкен башка уланган морфемалардын түп негизи белгилүү сөзгө барып такалат. Бул мыйзам, анткени сан атоочтук сөз жасоонун негизи – синтетикалык жол эмес, аналитикалык жол деп жогоруда белгилегенбиз. Ага далил иретинде курамы күрдели морфемадан *турган алтымыш, жетимиш, сексен, токсон* атоолорун келтирүүгө болот. Проф. Н. К. Дмитриев кээ бир жеке сөздөрдүн этимологиясына келсек, *алтымыш* (*алпыс*), *жетимиш* (*етмиш*) деген сан атоочтордун аягындагы *–мыш, -миш* бөлүгүн "*он*" деген маанидеги мүчө деп болжолдогон [3]. Мындай сан атооч формалары көптөгөн түрк тилдерине тиешелүү дейт. Ал эми *сексен*, *токсон* сөздөрүн *сегиз, тогуз* сөздөрү менен байланыштырат да, алардын курамындагы экинчи компоненти *он* сөзүнүн өзгөргөн түрү деп санайт. Бирок бул пикир тилдик материалдардын негизинде такталып, далилденген эмес. Буга башка түркколог окумуштуулар да кайрылышкан.

К. Мусаев "кээ бир сан атоолорунун этимологиясы татаал сан атоочтордон чыккан: *алты-мыш, йет* (*и*)*-миш, сексен* (*секиз он*), *токсан* (*тогуз-он*)" - дейт [4]. Э. Хасенов да бул пикирди кубаттап мындай дейт: "*-мыш, -міш* формаларын айкындауда еске алынуга тиисті бір жагдай бар. Ол казіргі чуваш тіліндеги реттік сан аффиксі *–меш.* Мэселен чуваштарда

*біріініші, оныншы* сыякты формалар *перемеш, вунамеш* түрінде колданылады. Бул форма түрік тілдерінің баска ешбіреуінде жок. -*мыш* аффикси өте көне аффикс... Дегенмен -*мыш* "*он*" үгымын білдірген деген пікірді түркологияда толык дэлелденген пікір деуге тарихи дерек жок" [5]. Э. Хасеновтун "бул маселе али толук далилденди дегенге тарыхый дарек жок" деген сөзүнө кошулууга болот, анткени ушу пикир айтылгандан бери канча убакыт өтсө да, ага жаңы толуктоо кошулган жок.

В.М. Насилов "Орхон-Енисей эстеликтеринин текстинде *сексен, токсон* сандары учурабайт", - дейт [6]. Бирок түрк элдеринин башка эң байыркы жазма эстеликтеринде тилдик фактылары менен салыштырып отуруп, ал сан атоочтордун кандай формада колдонулгандыгы тууралуу билүүгө болот. V кылымга таандык болгон "Покоянная молитва манихейцев" жана X кылымга таандык "Золотой блеск" эстеликтеринде "*сексен, токсон*" сандары "*сегиз, тогуз*" сандарына "*он*" саны кошулуп айтылган *сэкизон* (*секиз+он*), *токузон* (*токуз+он*) [7]. Ошондой эле С.Е. Малов "орхон жазмаларында ондуктар бириктирилген тартипте *жыйырма, отуз, кырк, элүү, алтымыш* сыяктуу колдонулса, бирдиксиз таза ондук түрүндө *екон, үшон, төртон, бесон, алтон* сыяктуу атооолор колдонулгандыгын айткан. Ондук атоолордун алгачкысы азаркы түрк тилдеринин көбүндө сакталса, кийинкиси аз гана тилдерде сакталган. Алар эң тирүү тилдердин бири болгон сары уйгур тилинде "*он*" сан атоочунун жардамы менен түзүлөт: *сакысон* (*сакыс+он*), *токысон* (*тогуз+он*)", - дейт [8]. С.Е. Малов ондук атоолордун жыйырма, отуз, элүү, алтымыш, жетимиш сыяктуу түрлөрү *экіон, үшон, бешон, алтон, жетон* атоолоруна караганда байыркы деп санаган. Бул пикирди алгачкылардын этимологиясынын белгисиздигине жана кийинкилердин этимологиясынын аныктыгын негизге алган. Демек сөздөрдүн морфемалык курамынын сакталышы – анын байыркы көрсөткүчү боло алары тил илиминде таанылган принцип экенин билдирет. Жогорудагы пикирлерди эске алып, ондук атоолордун жасалышы *бирдик+ондук* моделине алпарды башкача айтканда байыркы түрк тилинде ондук атоолордун жасалышында так ушу модель көбүнчө колдонулгандыгы чындык экени белгилүү болду.

Тилибизде сөз жасоо мыйзамынын атайын тартиби боюнча жаңы сөз тилде бар модель менен жасалат. Андай болсо ондуктардын кийинки атоолору да мурун ондуктар жасалган модель боюнча жасалган. Будан кийинки атоолор жасалган бирдик+ондук модели анын алдындагы алтымыш, жетимиш сыяктуу сандык атоолору жасалган модель деп таанылуу мүмкүндүгү келип чыгат. Эгер бул туура болсо, анда алтпыс, жетпис сыяктуу сандардын курамындагы -*пыс*, -*мыс* компоненттери түркологдордун он угумун берген сөз деген пикири ырасталып калат.

Ошону менен ондуктарга экинчи ат берүү неге керек болду, деген суроого да жооп берүү маселеси келип чыгат. Бул тууралу эки түрдүү жоромол келтирсек болот. Биринчиден, ондуктар курамындагы -*мыс* ондук санындагы өтө байыркы морфема болуу керек. Ал Орхон жазмаларынан берки байыркы форма, анткени ал ошол учурдун өзүндө жеке колдонулган эмес, ушу түшүнүк ошол кезде *он* сөзү колдонулганы байыркы жазма эстеликтерден белгилүү. Ошондуктан кийинки *он* сөзү аркылуу мурунку модель боюнча ондуктардын экинчи аттары пайда болууга мүмкүндүк түзүлгөн. Экинчиден *жыйырма, отуз, кырк, элүү* атоолору бирдиктер менен колдонулганын да билебиз. Мисалы: *бир отуз* (*жыйырма бир*), *еки отуз* (*жыйырма еки*), *үч отуз* (*жыйырма үч*), *төрт отуз* (*жыйырма төрт*), *беш отуз* (*жыйырма беш*). Сан атоолорунун бул түрүндө бирдиктин кайсы ондуктун бирдиги экендигин көрсөткөн. Ушундан улам бирдиксиз жеке келген ондукту атоо муктаждыгы келип чыккан. Мына ушул жагдайлар ондуктардын экинчи атоолорун жараткан дегенге болот. Алар: *үчон, төртон, бешон, алтон, жетон* ж.б. Ошентип аталган ондуктардын морфемалык курамдар бирдик

менен ондук түшүнүктү билдирген сөздөрдөн ондук атоолор жасалганын көрүнөт. Аталган ыкма сан атоочтук сөз жасоодо өтө эрте кеңири тараган. Негизи эрте калыптанган аналитикалык жол күнү бүгүнкүгө чейин сан атоочтук сөз жасоодо негизги орунда турат. Бул тууралуу Н.О. Оралбаева "Эч бир сөз түркүмүндөгү сөз жасоонун өнүгүүсү сан атоочтордогудай орун албайт. Бул сан атооч сөз түркүмүнүн тарыхый бардык кезине тиешелүү деп айтууга болот" [9]. Карай келгенде, сан атооч сөздөрдүн жасалышында мындай жагдайлар абдан ынанымдуу. Чындыгында накта сандык атоолордун жасалышына катышкан элементтер –тек гана сан атоочтор. Ал сан атоочтун семантикалык топторунун жасалышына сан атоочтун өз көрсөткүчтөрү менен башка сөз түркүмдөрүнүн кээ бир көрсөткүчтөрү да активдүү катышат. Белгилүү болгондой сан атоочтордун семантикалык топторунун жасалышына кез келген уландылар катыша бербейт. Андай кызматка аралашкан уландылардын түрлөрү да, саны да белгилүү, алар ар семантикалык топтун жасалышында айтылат, булардын негизги кызматтары менен бирге сан атоочтун семантикалык топторун жасаган кызматы да өтө туруктуу, абдан калыптанган. Ошондуктан аларды сан атоочтун семантикалык топторун жасаган көрсөткүчтөр катарында таанууга болот. Эми сан атооч сөздөрдүн жасалышындагы өздүк өзгөчөлүктөрүнө токтоло кетели. Жогоруда сан атооч сөздөрдүн жасалышындагы берилген сыпаттамалардан сан атооч жасалышындагы башка сөз түркүмдөрүнүн сөз жасоосун салыштырганда, өздүк өзгөчөлүктөрүн атоо кажет. Ал өзгөчөлүктөрдүн бири – сан атоочтун сөз туудурушу, санды жасоочу уландылар жок. Ошондуктан сан атооч башка сөз түркүмдөрүн уландылар аркылуу сан атоочко айландырып, өз курамын толуктай албайт, башка сөз түркүмүнөн сан атоочко өткөргөн аффикстер сан атоочто жок. Эч бир сөз түркүмү сан атооч сөздөрдүн жасалышына негиз боло албайт. Демек, сан атооч өзүнүн курамын сөз түркүмү аркылуу толуктабайт. Сан атооч сөздөрдүн жасалышы башка сөз түркүмдөрүнүн сөз жасоосунан айырмалаган негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири да ушу белгиге байланыштуу. Сан атооч сөздөрдүн жасалышына нагыз сан атоолору гана негиз боло алат, башка сөз түркүмдөрү сандык атоолордун жасалышына негиз боло албайт. Башкача айтканда, сан атооч сөздөрдүн жасалышы сан атоочтун айланасынан чыкпайт. Сан атоочтор өзүнүн ички мүмкүнчүлүгү аркылуу гана байып, толукталып турат. Мындай өзгөчөлүк башка сөз түркүмдөрүндө кездешпейт. Ошондуктан аны сан атооч сөздөрдү жасоого байланыштуу негизги өзгөчөлүктөрдүн бири деп саноого болот.

Бирок буга карап, сан атоочтордо эч бир кошумча жок деген пикир пайда болбошу керек, анткени сан атоочтордун өзүнө гана тиешелүү өтө көп эмес уландылары бар. Алар жаңы сандык угум жаратпаганы менен, санга кошумча маани кошуп, сан атоочтун түрдүү семантикалык топторун жасайт. Сан атооч уландылары тек гана сан атоочторго жалганат, башка сөз түркүмдөрүнө жалганбайт, башкача айтканда мында негиз сөз жалаң гана сан атооч сөздөр болууга тийиш. Бул жагдай сан атооч сөздөрдү жасоонун өзүнүн ичинде туюктугун туюндурган, башкача айтканда, сан атооч сөздөрдү жасоо өз ичинде калат, бул да сан атооч сөздөрдү жасоонун бир өзгөчөлүгү.

Сан атооч сөздөрдү жасоонун ушу өзгөчөлүгү байыркы замандардан калыптанган. Аган сан атооч сөздөрдүн морфемалык курамы да толук далил боло аларын жогоруда белгилеп кеттик. Сан атооч сөздөрдү жасоодо дагы бир көңул бура турган өзгөчөлүк бар. Сан атооч сөздөрдүн жасалышындагы негизги модельдер менен ыкмалар бир кездерде өтө активдүү кызмат көрсөтүп, тилдеги сан атоолорун жасаган. Тилибизге орус тилинен кирген миллион, миллиард, триллион сыяктуу сан атоолору кирген кезде да алардын тизмегинен далай сан атоолорун жасоодо сан атоочтук создөрдүн жасалышынын ыкмалары менен модельдери кызмат аткарады.

Зат атооч сыяктуу сөз түркүмдөрү өз курамын башка тилден кирген сөздөр менен да толуктап турат. Мындай кубулуш сан атоочто милдеттүү түрдө болуп турбайт. Бирок сан атооч сөздөрдө дайыма болбосо да, кээде кездешет. Булардын ичинде *миллион, миллиард* сөздөрү көп колдонулат. Башка тилден кирген сандык атоолордун байуу жолу өтө өнүмсүз жана толукталып улам байып отурбайт.

Сан атооч сөздөр сырттан караганда өтө аз көрүнөт, анткени көпчүлүк бул сөз түркүмүнө бирдик, ондук атоолору менен жүз, миң сөздөрү гана жатат деп ойлоп калышат. Чындыгында сан атооч сөздөр жыйырма сандын аталышы менен гана чектелип калбайт, анын курамы мындан алда кайда көп. Сандык атоолорду билдирген сөздөр башка эч бир элдин тилинен кем эмес. Кыргыз тилинде аналитикалык ыкма аркылуу элүү сегиз модель боюнча миллионго чейин 999980 сан атоолору жасалган, сан атооч сөз түркүмүнүн даражасын көтөрө турган ушу сандык атоолор. Бирок алар санактан тышкары калып, сөздүктөрдө көрүнбөй жүрөт. Сан атооч сөздөрдүн болгону жыйырма чакты сандык атоолору гана сөздүктөрдө берилип жүрөт.

**Сан атооч сөздөрдүн аналитикалык конструкциясы.** Тилибизде сан атооч сөздөр эки жол менен жасалат. Алар: аналитикалык жана синтетикалык жолдор. Аналитикалык жол – сан атоочтордун жасалышындагы эң негизги ыкма. Себеби, сан атоочтун нагыз сандык атоолорунун баары дээрлик аналитикалык ыкма аркылуу жасалган. Сан атоочтогу негизги түпкү сан атоолорунан башка эсептик сандардын баары аналитикалык таасир менен жасалган. Негизги сан атоочтордун көбүнө бирдик, ондук атоолору жана *жүз, миң* деген сандар жатат. Ондук атоолордун ичинде да тарыхый жактан караганда аналитикалык ыкма менен жасалган, *алтымыш, жетимиш, сексен, токсон* сандарынын алгачкы курамы бирдик менен ондуктун айкашынан турат деген пикир түркологияга кеңири тараган, аны көпчүлүк түркологдор туура көрөт. Ошондуктан мындагы *–мыш, -миш* морфемасы азыр уланды деп келгени менен, бул сан атоолору алгач аналитикалык жол аркылуу бирдик менен ондук атоолордун айкашынан жасалганы – түрк тилдеринде бар кубулуш. Ага алтай, хакас, якут тилдериндеги ондук атоолор далил боло алат. Ондук атоолордун бирдик-ондук модели менен жасалганы – түрк тилдерине кеңири тараган мыйзамдуу көрүнүш. Жогорудагы ондук атоолордун жасалуусу ушу модельге дал келет.

Тилибизде сандар *бирдик, ондук, жүз, миң, миллион, миллиард* деген гана сандар менен чектелип калбайт, эң көп сандар аталган сандар аралашып келип түзүлгөн татаал сандар. Алардын саны кандай көп болсо, түрлөрү, курамдары ошондой арбын түрлүү. Ошондуктан тилде татаал сандарды түшүндүрүү үчүн, аналитикалык ыкманын айкаштыруу түрү кеңири колдонулган. Бул ыкма боюнча бир сандык атоо менен экинчи сандык атоо айкашып, үчүнчү бир татаал санды пайда кылат. Мисалы: *он бир, жүз сексен, жүз элүү беш, беш миң үч жүз жетимиш бир* ж.б. Мындагы *он* жана *бир* деген сандардан турган татаал санды билдирүү үчүн *он* жана *бир* саны айкашып, *он бир* деген эсептик маанидеги татаал сан жасалды. Бул ондук менен бирдик аралашкан сандардын тобунан алынды. Ал эми *жүз сексен* деген эсептик сан атооч *жүздүк* менен *сегиз ондук* сандан турган татаал санды билдирди. *Жүз элүү беш* деген андан да татаалыраак санда *жүздүк, ондук (элүү)*, анын үстүнө *бирдик (беш)* сан кошулуп жасалаган. Ушул сандык угумду билдирүү үчүн *жүздүк* жана *элүү беш* деген сандар айкаштырылган, бул сөз жасоодо *элүү беш* саны бир компонент катары кирип отурат, ошентип алардан *жүз элүү беш* саны жасалды. Ушул сыяктуу *беш миң үч жүз жетимиш бир* деген да эки татаал компоненттин айкашы аркылуу жасалган. Бул төрт түрлүү мисалга караганда, татаал сан атоолорунун курамы да, түрлөрү да, татаал сандарды жасоого катышкан компоненттер да көп түрлүү экендигин көрүүгө болот, ал тажрыйбадан да белгилүү. Татаал сандын жасалышы жеке компонент кызматында көп сандарды бириктирип айкаштыруу

аркылуу колдонулат. Алардын өзү да аналитикалык жол менен жасалган сөздөр. Бир туунду сөздөн экинчи туунду сан жасала берген сыяктуу бир татаал сандан экинчи, үчүнчү, төртүнчү, андан да ары карай татаал сандар жасала берет. Бул татаал сан атоолорунун мол жасалуусуна жол ачат. Бирдик сан өзүнөн чоң сандардын жасалуусуна катышып отурат. Ушу жагдай сан атоолорун жасоочу компоненттердин молдугун жаратат.

Ошентип, аналитикалык ыкма ондук атоолордун жасалышынан башталып, тилибиздеги бардык калган сан атоолорунун жасалышына кармалбай өткөн. Татаал сан атоочтордун жасалышы тек гана аналитикалык ыкма менен байланыштуу. Мисалы: *ондук* менен *бирдик* (*он алты*); *жүздүк* менен *ондук* (*жүз отуз*); *жүздук, ондук, бирдик* (*жүз жыйырма сегиз*); *миңдик, жүздүк, ондук, бирдик* (*беш миң үч жүз кырк алты*) түрүндө аралашып келген татаал сандарга тилибиз өтө бай. Эсептик сандарды билдирген негизиг жөнөкөй сан атоочтордун саны жыйырма сөздөн турат. Алар тилде миллионго чейинки татаал сандык атоолорду жасаган, миллиардга, триллионго чейинки сейрек колдонулган татаал сан атоолору дагы бар, мунун баары бириккенде аз сөздү пайда кылбайт. Мындай көп сан атоолору эсептик сандардын бири менен биринин айкашы аркылуу гана аналитикалык жол менен жасалган. Демек, сан атооч сөздөрдүн жасалышында аналитикалык ыкма эң өнүмдүү, негизги ыкмага жатат.

Сан атооч сөздөрдүн жасалышы аналитикалык ыкма аркылуу жасалганда, эки же андан көп сандык атоолору бири-бири менен белгилүү тартипте, модельдер боюнча айкашып, курамындагы компоненттердин жеке маанисинен башка сандык атоолордун атын жасайт. Бирок кез келген сан кандай болсо, ошондой айкаша бербейт. Сандардын айкашы татаал сандык угумдун мазмунуна байланыштуу. Ал сандык атоону жасоого катышкан элементтер – эсептик сандар. Бул сандарды байланыштырган эч кандай кошумча жок. Сан атооч таза аналитикалык жол аркылуу жасалат. Ошондуктан, сан атооч сөздөрдүн жасалышында компоненттеринин орун тартибинин өзгөчө мааниси бар. Ондук менен бирдик аралашаралаш сандар жана жүздүк атоолордун жасалышында да бирдик сандар катышат, бирок бирдиктин орду экөөндө эки башка тартипте. Мисалы: *он беш, он алты, отуз үч, кырк төрт, эки жүз, үч жүз, төрт жүз, беш жүз, алты жүз* ж.б. Ондук менен бирдик аралаш санда бирдиктер экинчи компонент болсо, жүздүктөрдө бирдик биринчи компонент болуп турат. Бул орундары ушунчалык туруктуу, милдеттүү, аны өзгөртүүгө такыр болбойт. Башка сандар да ушул сыяктуу, аларда да компоненттеринин орун тартибин өзгөртүүгө болбойт. Андыктан, сан атооч сөздөрдүн жасалышында компоненттердин орун тартиби туруктуу сактала турган мыйзамга жатат.

Аналитикалык ыкма аркылуу сан атоочтун жасалышына катышкан накта сандардын башка бир маанини жасалышынын тилде белгил жолдору, эрежелери калыптанган. Ал эрежелер боюнча сандык атоону жасоочу компоненттер, эсептик сандар бири-бири менен белгилүү карым-катышта турат. Ал карым-катыштын натыйжасында гана башка сандык атоолор пайда болот. Алар төмөндөгүдөй эки түрдүү тартипте каралды.

1. Аналитикалык ыкма аркылуу жасалган сандык угум татаал сандагы компоненттердин бирин-бирине көбөйтүү аркылуу жасалат: *Эки жүз, беш миң, жети жүз, эки миң, үч миң, сегиз миң, он бир миң, жуз миң, жүз элүү миң, эки жүз он беш миң, үч жүз алтымыш алты миң* ж.б. Компоненттердин көбөйтүү жолу кез келген эсептик сандардын айкашына байланыштуу эмес. Ал белгилүү компоненттен куралган сандарда гана кездешет. Тактап айтканда, алгач жүздүк сандаржасоочу компоненттер бири-бири менен кобөйтүлөт. Мисалы: *бир жүз, эки жүз, үч жүз* ж.б. Мындай татаал сандарды жасоого катышкан компоненттер белгилүү гана атоолор, алар: бирдиктер менен жүз саны, буга он сөз гана компонент боло алат. Алардын тогузу бирдиктер жалаң биринчи компонент болот, ал эми жүз

саны экинчи компонент болот. Жүздүк сан атоочтордун жасалышында жүз саны тирек компонент болуп, татаал санда экинчи орунда турат. Мында биринчи компонент өзгөрүп, тирек компонентөзгөрбөйт: *төрт жүз, беш жүз, алты жүз, жети жүз, сегиз жүз* ж.б. Экинчиден көбөйтүүлү жолу миндик сандык атоонун жасалышында колдонулат: *үч мин, он миң, жыйырма жети миң, бес жүз алтымыш эки миң* ж.б. Мындай миңдиктерди жасоого катышкан компоненттер өтө көп, бирок алардын ичинде тирек компонент бир гана миң деген сөз, ал миңдиктерди жасоодо соңку гана компонент болот, ал эми алдындагы компонент ар түрдүү, аларга катышкан сандар өтө көп, ошондуктан алар өзгөрүп турат да, тирек компонент ган өзгөрбөйт. Бул эрежелер аркылуу тилде эсептик сандардын ичинде жүздүк жана миңдиктер жасалат.

2. Сандар татаал сандардын компоненттеринин кошундусунан пайда болот. Мисалы: *он+беш, жыйырма+эки, отуз+тогуз, жүз+жетимиш, жүз+кырк, жүз+сексен* ж.б. Татаал сан атоочтордун жасалышы компоненттердин сандык угумунун кошундусунан жасалган татаал сан атоочтор тилде өтө көп жана андай татаал сандарга катышкан компоненттер да мол. Ошондуктан бул ыкма эсептик сан атоочтун жасалышындагы абдан өнүмдүү жол, анткени ал компонент тандабайт, колдонулуу чөйрөсү кең, түрдүү татаал сандардын жасалышына катыша берет.

Ошентип, эсептик сандар түрлүү сандардын гана айкашы эмес, аларды бири-бирине көбөйтүүдө, кошууда да жаңы сандык маани жасаары аныкталды.

Аналитикалык ыкма сан атоочтордун семантикалык топторун жасоого да катышат. Мисалы: *жүзгө жакын, миң мертебе, жети-сегиз* ж.б. Бирок анда аналитикалык ыкма анча өнүмдүү эмес, кээ бир семантикалык топторго гана кызмат кылат, бирок алардан нагыз эсептик сан жасалбайт, сандык түшүнүктөргө түрдүү маани гана кошулат.

**Сан атоочтордун синтетикалык конструкциясы.** Сан атооч сөз жасоодо уландылар өтө аз экендиги жогоруда белгиленген. Бул сөздөрдүн синтетикалык жол аркылуу жасалышы өнүмсүз, анткени сан атоочтук жаатта сан атооч зат атооч, сын атооч, этиш сыяктуу сөз түркүмдөрү менен такыр талаша албайт, ал тактооч сыяктуу мүчөлөргө кедей сөз түркүмдөрү менен да теңеле албайт. Сан атоочтук сөздөрдү жасоодо бул өзгөчөлүк өтө эрте калыптанган. Аларда бирин-экин сандардын курамында жекече кошумчалар кездешерин айта кетсек болот. Бирдик сандардын атоолорундагы *–ты /-ти, -ыз/из* морфемаларынын *алты, жети, сегиз, тогуз* сандарында кайталанып тургандыгына карап, аларды ушул сандардын мүчөлөрү катары саноолор болгон. Ошону менен бирге ушу сандардын жасалуусуна негиз болуп турган морфемага *–мыш/-миш, -сен/сон* мүчөлөрү *алтымыш, жетимиш, сексен, токсон* сандарына уланган. Бул мүчөлөр азыркы тилдерде жеке сөз иретинде колдонулбайт жана –ты/-ти, ыз-из мүчөлөрү *алты, жети, сегиз, тогуз* сандарын жасаган деп баса айтууга мүмкүндүк бербейт. Бирок сан атоочтогу накта сан атоолорунун жасоочу кошумчалар дегенде ушуларды гана атоого болот.

Ал эми сан атооч сөздөрдү синтетикалык жол аркылуу жасалган сан атоочтор *экөө, үчөө*. Булардын жасалышына негиз болуп турган сан атоочтор *эки* жана *үч*. *Экөө, үчөө* сандарынын маанисиндеги негиз сөздөрдүн мааниси жыйнактык-заттык мааниге барабар. Бул такталган маани негиз сөздөгү *эки, үч* сандык түшүнүгүнүн үстүнө кошулган. Мында туунду негиз сөздүн мааниси нагыз негиз сөздүн маанисинен кеңейгени көрүнүп жасоодогу синтетикалык жол негизинен сан атоочтун семантикалык топторун жасаган кошумчалар менен байланыштуу. Ошондуктан сан атооч сөздөрдү жасоодогу мүчөлөр маани жагынан да башка сөз түркүмдөрүнөн өзгөчөлөнөт, анткени алар маанини түрлөндүрүүчү уландыларга жатат. Сан атоочтун синтетикалык жол аркылуу жасалышында негиз сөз да, негизги сөз да баары сан

атоочко жатат. Аны менен бирге сан атооч мүчөлөрү аркылуу жасалган негизги сөздүн маанисинде негиз сөздө жок толуктоочу маани болот. Мисалы: ***Экөө*** *тең чабендестердин кыйкырык-сүрөөнүнө, камчынын уусуна ачуурканып, бирин-бири моюн улаш узатпай катар барат* [1]. ***Үчөө*** *жан талашып катар чаап баратпай, ың-жыңсыз дүйнөдө кыймылсыз катып калышкандай сезилди Гүлсарыга* [1]. Келтирилген мисалдардагы турат. Сөз жасоо теориясы боюнча туунду негиздин (производная основа) мааниси негиздин (производящая основа) маанисинен кең болууга тийиштүү. *Экөө, үчөө* сөздөрүнүн мааниси ушул теорияны далилдеп, ага дал келип турат. Иреттик сандан мисал келтирип көрсөк: *Бу* ***жыйырманчы*** *кылымда деле кыш илгеркисинен жазбай каардуу келатат негедир* [1]. ***Кырк алтынчы*** *жылдын күзүндө төмөнкү айылдык бир чабан чоң сайда коюн айдап жүрдү* [2]. Бул мисалдардагы *жыйырманчы, кырк алтынчы* деген иреттик сандар *жыйырма, кырк алты* деген эсептик сандардан жасалган, негиз сөз да, туунду негиз да сан атооч сөздөр, бир сөз түркүмүнө жатат. *Жыйырма, кырк алты* негиз сөздөрүнүн маанисине иреттик сандын *жыйырманчы, кырк алтынчы* деген маанилери кошулган б.а. негизги сандык мааниден иреттик сан мааниси жасалган. Иреттик маани негизги сөзгө толукталып, кошулган маани. Ошентип негизги сан менен туунду маанидеги сандын мааниси бирдей эмес болуп чыкты. Бул – мыйзамдуу кубулуш. Келтирилген мисалдар ушу принципти далилдеп турат. Демек туунду сан атоочтун б.а. негизги сөздүн мааниси ар убакта негиз сөздүн маанисинен кең болууга тийиштүү демекчибиз.

Айта турган бир маселе синтетикалык жол аркылуу жасалган сан атоочтордун биринде сандык түшүнүк өзгөрүп, экинчи бир сандык түшүнүк жасалабы деген суроо менен байланыштуу. *Бешөө, алтоо, сегизинчи, тогузунчу, онунчу* дегенде, бирөөндө да сандык угум өзгөргөн жок, аларга толуктоочу маани гана кошулду. Бул – сан атоочтун синтетикалык жол менен жасалышынын өзүнө тиешелүү өзгөчөлүгү. Ошондуктан биз сан атоочтун синтетикалык сөз жасоосу маанини түрлөндүрүүчү, кубултуучу топко жатат деп санайбыз.

Жалпысынан алганда, мезгилге жараша сан семантикасынын лингвистикада изилдениши жана өнүгүү маселелерине арналган илимий изилдөөлөр улам жаңы өрүш алып, тереңделип жатат. Жалпы түркологиялык адабияттарда жана кыргыз тилинде сан атооч жана жалпы сандык маани жөнүндө жалпы түшүнүктөр берилип, иликтөөлөр үзгүлтүксүз жүрүүдө.

## Жыйынтык

Сан атоочтордун сөз жасоо тартиби сөз жасоонун жеке бир маселесине жата тургандыгын далилдеди. Сан атоочтун сөз жасоо тартибинин өзүнө тиешелүү элементтери, моделдери, типтери бар экендиги изилдөөнүн өзөгүн түздү. Сан атоочтордун жөнөкөй жана татаал компоненттери түзүлүшү жагынан калыптанган белгилүү мыйзамдуулукта колдонулат. Сан атооч сөздөрдүн аналитикалык жана синтетикалык конструкциясы тилдин жалпы мыйзамдары менен шайкеш келет. Сан атоочтордун жасалышындагы уңгу жана мүчө, негиз сөз да, негизги сөз да баары сан атоочко жатат. Ал бул сөз түркүмүнүн негизги өзгөчөлүгү катары саналары белгиленген.

## Адабияттар тизмеси:


1. **Айтматов, Ч.** Чыгармаларынын 3 томдук жыйнагы [Текст] / Ч. Айтматов. - Фрунзе, 1982.- 1Т.
2. **Айтматов, Ч.** Чыгармаларынын 3 томдук жыйнагы [Текст] / Ч. Айтматов. - Фрунзе, 1982.- 2Т.
3. **Дмитриев, Н.К.** Грамматика башкирского языка [Текст] / Н.К. Дмитриев.- Москва, 1948.- 94 с.
4. **Мусаев, К.** Грамматика караимского языка: Фонетика и морфология [Текст] / К.Мусаев.- Москва, 1964.- 200 с.
5. **Хасенов, Э.** Казіргі казак тіліндегі сан есимдер [Текст] / Э. Хасенов.- Алматы, 1957. – 23 б.
6. **Насилов, В.М.** Язык орхоно-енисейских памятников [Текст] / В.М. Насилов.- Москва, 1960.- 39 б.
7. **Насилов, В.М**. Древнеуйгурский язык [Текст] / В.М. Насилов.- Москва, 1963.- 45 с.

8. **Малов, С.Е.** К изучению турецких числительных [Текст] / С.Е.Малов. –М.,-Л., 1935.- 272 с.
9. **Оралбаева, Н.О.** Казiргi казак тiлiндегi сан есiмнiң сөзжасам жүйесi [Текст] / Н.О.Оралбаева.- Алматы, 1988.

DOI: https://doi.org/10.54834/.vi2.405

Поступила в редакцию: 07.02.2024 г.

**УДК 81 373. 21+811**

***Исабеков И.Н.***
*к.филол.н., доцент Межд. универ. им. К.Ш.Токтомаматова, Кыргызская Республика*
***Атажанова Н.А.***
*преп. Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*

## БИЙ ТИТУЛУНУН НЕГИЗИНДЕ ЖАРАЛГАН ЖЕР-СУУ АТТАРЫ

*Изилөөнүн предмети катары Жер-суу аттарынын курамын түзгөн бир муундуу бий уңгу сөз кыргыз-түрк тилдик катмарга тиешелүү морфемага этимологиялык талдоо жүргүзүү болуп саналат. Изилдөөнүн максаты топонимди тектеш тилдердеги лексикалык бирдиктер менен салыштырып, анын ички сапатын тилдик фактылардын негизинде чечип берүү болуп эсептелет. Изилдөөнүн методдоруна салыштырма-тарыхый ыкманын курамындагы этимологиялык анализ менен кошо семантикалык анализ колдонулат. Изилдөөнүн баалуулугу деп топонимдерге алгачкы ирет тарыхый-салыштырма ыкманын негизинде этимологиялык анализ жүргүзүү. Лексико-семантикалык жана структуралык-сөз жасоочу моделдер тастыкталып, жер-суу аттарынын калыптануу өзгөчөлүгү тарыхый-лингвистикалык жол аркылуу баяндалат. Алынган натыйжалар: иликтөө көрсөткөндөй, бий бир муундуу уңгу сөзү Сибирдеги хакас, алтай, тува жана башка түрк элдеринде "мансаптык наам-уруунун, аймактын, өзүнчө чоң топтун башкаруучусу, жетекчиси, эл арасында калыстыгы менен белгилүү болгон кадырлуу адам, атайын шайланып, топто доо, чыр-чатактарды чечүүдө калыстык кылуучу-бүтүм чыгаруучу адам" деген маанилерди билдирери аныкталды. Бий байыркы кыргыздардын Манас доорунан бери бийлик даражасы болуп эсептелип, "башкаруучу, бийлөөчү, жол башчы, сот, бийлик жүргүзүүчү" маанилерди туюндурган. Демек, көчмөндөр (эл) тарабынан шайланган сот ишин жүргүзгөн "элдик" сот. Изилдөөнүн практикалык мааниси катары кыргыз тил илиминдеги ар кандай (этимология, семасиология, лексикология) талдоолорду жүргүзүүдө лингвистикалык негиз болуп бере алат. Бир муундуу уңгу сөздөрдөн куралган топонимдерди иликтөөдө алардын алгачкы турпаты аныкталып, тилдин тарыхын окуп-үйрөнүү аркылуу келечек муунга, өзгөчө жаштарды өз тарыхын билип, аны ыйык тутуп, аны улуу рух-дөөлөт деп таанууга өбөлгө түзөрүнө багытталышы зарыл. Ошондо гана, илимпоз кыргыз тил илимине жана карт тарыхына аз болсо да салым кошкон болот. Анткени, бул маселе анын ыйык милдети болуп саналат.*

***Негизги сөздөр:*** *бий; шайлоо; сот; башкаруучу; калыс; уруу; мансап. бийлик даражасы; милдет; уңгу сөз; рух.*

## ТОПОНИМЫ ОБРАЗОВАННОГО НА ОСНОВЕ ТИТУЛА БИЙ

*Предметом исследования в работе служит односложное слово, составляющее названия топонимов, представляет собой этимологический анализ корневых слов, принадлежащих кыргызско-турецкому языковому пласту. Цель исследования – сравнить топоним с лексическими единицами родственных языков и на основе языковых фактов определить его внутреннее качество. Методы исследования: семантический анализ в рамках сравнительно-исторического метода наряду с этимологическим анализом. Ценность исследования заключается в том, что впервые на основе историко-сравнительного метода проведен этимологический анализ топонимов. Подтверждены лексико-семантическая и структурно-речевая модели, историко-лингвистическим методом объяснены особенности образования топонимов. Полученые результаты по данным следствия, односложный корень слова бий у хакасов, алтайцев, тувинцев и других тюркских народов Сибири*